Российского Славянского университета, 2004. – Т. 4. – №3. – С. 71-76.
10. Васильев И. А. Лингвистические основы обучения киргизскому произношению в русской аудитории // Методика преподавания киргизского языка в русскоязычных учебных заведениях. – Б.: КРСУ, 2000.

УДК: 82 (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-20-24

**Джанкорозова Динара Жыргалбековна**
И. Арабаев атындагы КМУ, окутуучу
**Джанкорозова Динара Жыргалбековна**
КГУ им. И. Арабаева, преподователь
**Dzhankorozova Dinara Zhyrgalbekovna**
KSU I.Arabaev, Lecturer

# КЫРГЫЗ ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ПРОЗАСЫНЫН ӨНҮГҮШҮНӨ КАСЫМ КАИМОВДУН КОШКОН САЛЫМЫ
# ВКЛАД КАСЫМА КАИМОВА В РАЗВИТИЕ КЫРГЫЗСКОЙ ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНОЙ ПРОЗЫ
# THE CONTRIBUTION OF KASYM KAIMOV TO THE DEVELOPMENT OF KYRGYZ INTELLECTUAL PROSE

**Аннотация:** Макалада кыргыз интеллектуалдык прозасынын белгилүү өкүлү Касым Каимовдун “Акырын күтпө” романы талдоого алынып, эмне үчүн бул романдын кыргыз адабиятындагы интеллектуалдык прозанын катарында турары илимий анализдин негизинде чечмеленип берилет. Кыргыз жазуучусунун детектив романды баштоо менен интеллектуалдык прозанын өнүгүшүнө жардам бергендигин ачып берүү аракетинде жазуучу кандай жаңы ыкма, жаңы кубулуштарды колдоно алгандыгын, мүнөз, каарман түзүүдөгү өзгөчөлүгүн, интеллектуалдуу проза түзүүдөгү жеке табылгасын тактап көрсөтүү менен бирге детективдик окуя жазуучу үчүн каармандын нравалык тазалыгын, бийиктигин ачыш үчүн керек болгондугу талдоого алынат. Аталган роман кандай өзгөчөлүгү менен башка романдардан айырмаланып турары, автордун жеке табылгасы, каарман түзүү, сюжет куруу ыкмасы кандай болгондугу, интеллектуалдык роман деп атоого туура келген каармандарды түзө алганбы, ушуга ылайык сюжеттик курулуш орун алганбы ж.б. суроолордун жообун издөө менен адабий анализ жүргүзүлөт.

**Аннотация:** На основе научного анализа в статье рассматривается роман известного представителя кыргызской интеллектуальной прозы Касыма Каимова под названием «Не жди конца», который входит в интеллектуальную прозу кыргызской литературы. Сделана попытка в выявлении вклада кыргызского писателя в развитие интеллектуальной прозы, который начав с детективного романа, смог использовать в создании интеллектуальной прозы новые приемы, новые явления, характер, особенности создания героя. Помимо определения личных находок в создании интеллектуальной прозы, также анализируется потребность писателя в раскрытии нравственной чистоты главного героя в детективной истории. Литературный анализ проводится в поисках ответов на вопросы: чем этот роман отличается от других романов личным открытием автора, каковы способы создания персонажа и сюжета, сумел ли он создать

героев, которые следует назвать героями интеллектуальных романов, имеет ли место сюжетная структура, которая отвечает этим требованиям.

**Annotation:** On the basis of scientific analysis, the article deals with the novel of the famous representative of the Kyrgyz intellectual prose Kasym Kaimov called "Don't wait for the end", which is included in the intellectual prose of Kyrgyz literature. An attempt was made to identify the contribution of the Kyrgyz writer to the development of intellectual prose, who, starting with a detective novel, was able to use new techniques, new phenomena, character, and features of creating a hero in creating intellectual prose. In addition to identifying personal findings in the creation of intellectual prose, the writer's need to reveal the moral purity of the protagonist in a detective story is also analyzed. Literary analysis is carried out in search of answers to the questions: how does this novel differ from other novels by the author's personal discovery, what are the ways of creating a character and plot, did he manage to create heroes who should be called heroes of intellectual novels, is there a plot structure that meets these requirements.

**Негизги сөздөр**: детектив, мүнөз, каарман, образ, новаторлук, психологизм, проблема, окуялуулук.

**Ключевые слова:** детектив, характер, персонаж, образ, новаторство, психология, проблема, рассказ.

**Key words:** detective, character, character, image, innovation, psychology, problem, story.

Интелектуалдык прозанын 80-жылдары жаңы нукка бурулушуна, алдыга карай өнүгүшүнө Касым Каимовдун салымы чоң десек болот. Анткени 1984-жылы кыргыз адабиятынын тарыхында биринчи жолу детективдик чыгарманы «Акырын күтпө» деген романын жарыкка чыгарат. Бул К. Каимовдун эле эмес, кыргыз адабиятынын жаңылыгы болгон. Мындай деп айтып жатканыбыздын себеби: биринчиден, сюжетке алынган окуя интеллигенттин үй-бүлөсүн, шаардык жаштардын тагдыры, кылмыштуулук, аны иликтөө болсо. Экинчиден, детектив жанрындагы чыгарма, окуя башталганда эле кылмыш болот да, аны иликтөө менен окуя уланып жүрүп отурат. Үчүнчүдөн, интеллектуалдуу адабияттын элементтери камтылып, окурмандын ой-жүгүртүүсүн ойготкон сюжеттеги чыгарма пайда болгон. Мына ушу сыяктуу башка кыргыз романдарында кездеше бербеген турмуштук жагдайлар бул романды мурдагыларга окшошо бербей, башкача болгондугунан кабарлап турат.Тактап айтканда, К. Каимов такыр башка жагдайды сүрөттөөгө умтулду, шаардык турмушту, болгондо да интеллигенттердин чөйрөсүн сүрөттөөгө муну албетте белгилүү сынчы К. Асаналиев айткандай: «Кыргыз адабияты үчүн да кандайдыр бир ачылгадай сезилет. Ачылга, баарынан мурда, романдын негизине алынган жана сүрөттөлгөн турмуштук жагдайларга, кырдаалдарга байланыштуу» [Асаналиев К. Көркөмдүүлүктүн реалдуулугу жана иллюзиясы // Кыргызстан маданияты, 1985. 21-март] - болгон.

«Акырын күтпө» романы кадимки турмуш-тиричиликти сүрөттөө менен башталат. Алым Абдиев деген жооптуу кызматта жүргөн адам пенсияга узап жатат. А. Абдиев кыргыз элинин алгачкы интеллигенттеринен, кызматын жоопкерчилик менен аткарган, жакшы адам. Эки уулу бар, улуусу Асылбек акылдуу, тартиптүү, жоопкерчиликтүү, жогорку окуу жайын жакшы деген баалар менен аяктап жатат. Кичүү уулу Чеге Асылбектин карама-каршысы, жалкоо, тентек, эрке өскөн, шектүү достору бар, өзү да шектүү иштерге катышып жүргөн бала. Чыгарма башталып жатканда эле Асылбекти көчөдөн белгисиз бир балдар өлтүрүп кетишет, окуя мына ушундайча чиеленет, капыстан эле эч ким күтпөгөн жерден, сүйлөшкөн кызына арнап белек алайын деп ЦУМга (Фрунзе шаарындагы башкы магазин) барган жеринен

Асылбек капыстан өлүмгө дуушар болот. Асылбекти белгисиз үч адам күндүз өлтүрүшөт, муну көрүп тургандар да, эч ким аралашпастан, жардам беришпейт.

Кылмыштын сыры ачылбайт, кимдер өлтүргөнү, эмне үчүн өлтүргөнү көпкө чейин сыр бойдон калат, сюжеттин өнүгүшүндө фактылар көп, бирок сыр ачылбайт, сырды, кылмышты ачуу бат, тез болбойт, окуянын мындай маанайда курулбагандыгы кылмышты окурмандын өзүнүн иликтенишине, кылмышкер ушул болуш керек деп шек алуусуна жол ачат. Бул үчүн маалымат кеңири берилет, мисалы, Карбозовдун иш-аракеттери, улам пайда болгон адамдардан шек алуу ж.б. баары окурмандын өз алдынча чечимге келиши үчүн маалымат менен камсыз болот. Ошондой эле, Асылбектин өлүмүн иликтөөдө адамдардын өз ара байланыштарына көбүрөөк басым жасалып, сюжеттин өнүгүшү адамдын ичиндеги психологиялык уйгу-туйгуларды талдоого негизделген.

Жазуучу каармандарын карама-каршы эки тарапка тең бөлүп, кандай детектив чыгармада боло турган ак ниеттик менен кара ниеттиктин күрөшү, акыры ак ниеттик кара ниеттиктин үстүнөн жеңишке жетери жана кылмышты ачууга жардам бере турган окуялардын байланышы, көрүнүш, фактылар ылайыктуу колдонулган. Сюжеттик чечилишке жетмейинче эки менен бири-бирине байланыштуу окуялардын, фактылардын байланышында өнүккөн. Сюжеттин борборуна кылмышты ачуу менен көрсөтүлгөн ак менен каранын күрөшүндөгү конфликт коюлуп, коомчулуктун кызыгуусун жаратып келген суроонун табышмагын “Асылбектин өлүмү” сыры, табышмагы менен ачып берген. Романдын популярдуулугу мына ушунда. Экинчиден, детектив чыгарманын кыргыз адабиятында болбогондугу романдын популярдуулугун арттырган, окурмандардын суроо-талабы абдан күчтүү болгон. Ошондой эле, адабий сында да абдан күчтүү талкуу жараткан. Роман детектив эле роман болбостон интеллектуалдуу роман болгон, мына ушул себептүү роман улуттук адабиятта детектив жанрын баштоочу жана интеллектуалдуу роман катары ушул мезгилге чейин мыкты чыгарма болуп келатат.

К. Каимов романында маанилүү эки суроону көтөрүп чыккан, биринчи Асылбек аттуу жаш жигиттин өлүмүн иликтөө үчүн детективдик сюжетке кайрылган. Экинчи аталар үчүн сокуунун урулушу, Алым Абдиев карыганда жакшы өсүп, жакшы жетилип жаткан баласынын зөөкүрлөрдүн колунан каза таап, капыстан “киши колдуу” болсо, экинчи баласы шайкелең өсүп, шектүү адамдар менен байланышта болот. Эмне үчүн карыганда ушундай трагедияга туш болду? Ушундай эле тагдырга өмүр бою ак иштеген милициянын полковниги, Ички иштер министерствосунун орун басары Атантай Усенов туш болот. Жалгыз баласы Карл эркелетип, жакшы тарбиялап өстүргөн менен кылмышкер болуп чыгат, Асылбекти өлтүрүүгө катышып, акыры түрмөгө кетип, атасы менен жолу “эч качан” келишпеген бойдон калат. Баласынын азабынан ишинен кетет, Абдиевдин көзүн карай албайт Эмне үчүн карыганда ушундай тагдырга туш болду? Мына ушул суроолордун жандырмагын чечмелөө.

Жазуучу ушул эки суроону чечмелеп берүү аракетин көргөн. Романда адамдардын психологиялык абалы, өз ара карым-катыштары жакшы чыккан. Шаардык адамдардын мүнөзүн, жашоо шартын, шаардык балдардын жан-дүйнөсүн жакшы ачып берген. Так айтканда, “шаардык прозаны” жазган кыргыз жазуучуларынын салтын жакшы уланткан. Бул албетте романдын ийгилиги.

Көрүнүп тургандай окуя детективдик чыгармадагыдай өнүгүү менен бирге коомдогу терс көрүнүштөр да айтылып, нрава, мораль сыяктуу иштер да козголо баштайт, мисалы, Алым Абдиев баласы - Чеге, Атантай Үсөнов баласы - Карл, Боромбай Тагаев баласы - Ожор. Жаштары бири-бирине жакын турган шаарда жашаган үч адам. Балдарынын да өмүр

курактары бирдей. Ал гана эмес тааныш шаардык балдар. Бирок бир айырмачылык бар, Абдиев менен Үсөнов балдарынын кылмыштуулук иштерин билишпесе, Б. Тагаев баласын кылмышка өзү түртүп, үйрөтүп, кылмыш дүйнөсүнө аралаштырат. Бир жагынан ата-баласы проблемасы, экинчи жагынан кылмыштуулуктун болушуна баланы тарбиялоодон да болору каймана түрдө айтылат. Маселен, А. Үсөнов баласын өзү кармап берет, Абдиев балдарын абдан жакшы тарбиялаган. Булардын тетириси Тагаев баласына үйрөтүшү кылмыштын өз убагында ачылбай калышына жардам берет. А. Абдиев менен А. Үсөнов коомдун тазалыгы үчүн жардамдарын аябайт. Усенов баласынын кылмышка шектүү делгенинен улам, отставкага өзү суранып кетет. Ал эми Карбозов кылмыштын ачылбай калышына өзүн күнөөлүү сезип, өз алдынча иликтөөсүн жүргүзө берет. «Асылбектин иши» ага лейтенант Карбозов үчүн унутулгус сабак болду. Бир катар жооптуу кызматчылардын кызматтан бошотулушу, өзү катуу сөгүш алышы акыйкаттуу жаза катары туюлуп, анын көңүлүн дайыма басмырттатып турган оор күнөөнү жеңилдетти» [К. Каимов. Акырын күтпө. – Ф., 1984. 77-б.].

Сюжеттин өнүгүшүндө фактылар көп, бирок сыр ачылбайт, мына ушул өзгөчөлүгү романдын классикалык детективге жатарын аныктап турат, анткени фактылар көп, бирок сырды, кылмышты ачуу бат, тез болбойт, окуя мындай маанайда курулбастан, окурмандын өзүн да иликтөөгө, кылмышкер ушул болуш керек деп шек алууга жол кетет. Бул үчүн маалымат кеңири берилет, мисалы, Карбозовдун иш-аракеттери, улам пайда болгон адамдардан шек алуу ж.б. баары окурмандын өз алдынча чечимге келиши үчүн маалымат менен камсыз болот.

Адамдын өлүмү менен болгон кылмышты ачуу Карбозовго тапшырылды. Адегенде кылмышты ачууга эч качан илинчек жок. Туңгуюк. Профессионал Карбозов далай татаал иштердин бетин ачкан мыкты чекист катары мына ушундай туңгуюктан, кармар эч бир жылчык жок болгондугуна карабастан кыраакы чекит катары илинчек таап чыгып, кылмыштын аркасынан түшөт. Көп узабай кылмышкерлердин изине түшөт. Бир гана нерсе калды, кылмышкерлерди кармап, камоо керек. окурман да кылмышкерлер эми кармалат деген ойго келип такалат. Детектив чыгарманын сюжеттик курулушу боюнча бул окуянын чечилиши, демек, кылмыштын бети ачылды, кылмыш ишин камтыган сюжет чечилди. Роман ушуну менен аякташ керек болчу.

Бирок роман аяктабайт, кылмышкерлер кармалбайт, Карл Үсөнов болсо башка кылмыштары үчүн түрмөгө кетет. Тагаевдин кылмышы ачылбайт. Ожор качып кетет. Борянын болсо дайыны жок. Автор детективдик сюжетти татаалдантуу үчүн детективдик элементтерди ойлоп таап, кирги зе баштайт. Бул “сырдуу акак төөнөгүч” жана “табышмактуу сандыкты” ойлоп табат. Ошону менен жасалма детективдик окуялар жаралып, андан-ары тереңдей баштайт. Акыры автор кылмыштын түбүн ачуучу “акак төөнөгүч” менен “сырдуу сандыктын” аркасы менен кылмыш ачылат, күнөөкөрлөрдүн баары жазасын алышат. Бирок бул жерде бир башкача көрүнүш, окуянын чечилиши детектив чыгарманын чечилишиндей эле чечилип калбастан, бир топ суроолор коюлуп, бир топ маселелер козголуп, анын баарына жооп изделип келип, анан жыйынтыкталат.

Окуянын мына ушундайча аякташы, кылмыштын роман аяктаганга чейин ачылбай чоюлушу окурмандын өзүн ойлонууга алпарган жана автор окурмандын алдына көптөгөн суроолорду таштаган, бул жерде бала тарбиялоо, ата бала проблемасы, коомдун бузулуп баратышы, моралдык, нравалык проблемалардын курч абалга келиши ж.б. толгон суроолор коюлган. Романдын аягына чыкканга чейин көп окуялар туюк бойдон калат. Албетте, мындай

сюжеттик курулуш окурманды ойлонтууга, окуянын жыйынтыгын чыгарууга, кылмышкер ким жана эмне үчүн кылмыш кылды деген суроолорду чечмелөөгө чакырат.

К. Каимов романында маанилүү эки суроону көтөрүп чыккан, биринчи Асылбек аттуу жаш жигиттин өлүмүн иликтөө үчүн детективдик сюжетке кайрылган. Экинчи аталар үчүн сокуунун урулушу, Алым Абдиев карыганда жакшы өсүп, жакшы жетилип жаткан баласынын зөөкүрлөрдүн колунан каза табышы, капыстан “киши колдуу” болот, экинчи баласы шайкелең өсүп, шектүү адамдар менен байланышта болот. Эмне үчүн карыганда ушундай трагедияга туш болду? Ушундай эле тагдырга өмүр бою ак иштеген милициянын полковниги, Ички иштер министерствосунун орун басары Атантай Үсөнов туш болот. Жалгыз баласы Карл эркелетип, жакшы тарбиялап өстүргөн менен кылмышкер болуп чыгат, Асылбекти өлтүрүүгө катышып, акыры түрмөгө кетип, атасы менен жолу “эч качан” келишпеген бойдон калат. Баласынын азабынан ишинен кетет, Абдиевдин көзүн карай албайт Эмне үчүн карыганда ушундай тагдырга туш болду? Мына ушул суроолордун жандырмагын чечмелөө.

Жазуучу ушул эки суроону чечмелеп берүү аракетин көргөн. Романда адамдардын психологиялык абалы, өз ара карым-катыштары жакшы чыккан. Шаардык адамдардын мүнөзүн, жашоо шартын , шаардык балдардын жан-дүйнөсүн жакшы ачып берген. Так айтканда, “шаардык прозаны” жазган кыргыз жазуучуларынын салтын жакшы улантткан. Бул албетте романдын ийгилиги.

Мына ушундай өзгөчөлүгү “Акырын күтпөнү” кыргыз интеллектуалдык романынын катарында турарын далилдеп турат. Анткени, роман бир күндө окулуп, бир күндө элге жайылып кетүүчү чыгармадан эмес. Роман бүгүнкү күндө да өзүнүн өзгөчө тили менен, өзүнчө дүйнө түшүнүгү менен, өзгөчө көркөм дүйнөсү менен эч кимге окшобогон поэтикалык системасы менен башка чыгармалардан бөлүнүп жалгыз турган чыгарма катары келатат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Каимов К. Акырын күтпө. – Ф., 1984.
2. Асаналиев К. Көркөмдүүлүктүн реалдуулугу жана иллюзиясы // Кыргызстан маданияты, 1985. 21-март.

УДК: 002.7
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-24-29

**Кийизбаева Чолпон Кудайбергеновна**
И.Арабаев атындагы КМУ, ага окутуучу
**Кийизбаева Чолпон Кудайбергеновна**
КГУ им. И. Арабаева, старший преподаватель
**Kiyizbaeva Cholpon Kudaibergenovna**
I. Arabaev KSU, senior lecturer

## КЫРГЫЗ ЖУРНАЛИСТИКАСЫ ЖАНА АЛГАЧКЫ КАРЛЫГАЧТАР
## КЫРГЫЗСКА ЖУРНАЛИСТИКА И ПЕРВЫЕ ЛАСТОЧКИ
## KYRGYZ JOURNALISM AND THE FIRST SWALLOWS

**Аннотация:** Макалада кыргыз журналистикасынын пайда болушу жана өнүгүшү, тунгуч гезиттин чыгышына кошкон кыргыз жаштарынын салымы тууралуу сөз болуп,